**БЕКИТЕМИН**

С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди
«13» 10 2021-жыл. Протокол №2
АТЭКтин директору ______ Жаныбек у Р

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН СТУДЕНТТИН ӨЗДҮК ИШИ БОЮНЧА ЖОБОСУ

# 1. Жалпы жоболор

Студенттердин өздүк иши окуу иштеринин бир бөлүгү болгондуктан бул Жобо Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы нормативдик- укуктук актыларынын (орто кесиптик билим берүүдөгү) негизинде иштелип чыкты.

Студенттердин өздук иши ОКББ МББСнында. I 1КББ11 сын да окуу планында каралган дисциплиналар боюнча студенттердин практикалык тажрыйбаларын. билимдерин көндүмдөрүн бышыктоо жана системалаштыруу максатында жүргүзүлөт.

Студенттердин өздүк ишинин милдеттери төмөндөгүлөр болуп саналат:

• студенттердин кесиптик милдеттерин аткаруудаты маалыматтарды издөөгө аны талдоого даярдыгын калыптапдыруу;

• студенттердин таанып билүү жана активдүүлүгүн өнүктүрүүтө. чыгармачылык демилгесин, өз алдынчалуулугун арттыруу;

• өз алдынча ой жүгүртүүсүн өзүн өзү өнүктүрүү, жөндөмдөрүн калыптандыруу;

• кесиптик ишмердүүлүгүндөгү эффективдүү өз алдынчалык көндүмдөрүн жаратуу.

Окуу процессинде өз алдынча иштердин эки түрү колдонулат:

• аудиториялык;

• аудиториядан тышкаркы.

Кесиптик модулдардын дисциплиналар жана дисциплиналар аралык курстары боюнча аудиториялык өздүк иштер окутуучунун түздөн түз жетекчилиги астында жүргүзүлөт.

Аудиториядан тышкаркы пландалган окуу, чыгармачылык-изилдөө өздүк иштери окутуучунун тапшыруусу менен анын түздөн-түз катышуусунун студент тарабынан өч алдынча аткарылат.

Студенттердин өздүк иши ОКББ МББСна ылайык түзүлгөн НКББП өздөштүрүүгө бөлүнгөн жалпы убакытттын 40% дан кем эмес бөлүгүн түзөт.

Студенттердин өздүк иши окуу дисциилинасынын мазмунуна, студенттердин даярдыгынын деңгээлине карата аныкталат. Алар теоретикалык курстар менен тыгыз байланышта же айырмачылык мүнөздө болушу мүмкүн.

Аудиториядан тышкаркы өздүк иштердин тапшырмалардын түрлөрү төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:

- Жалпы билим берүүчүлүк, шарты кесиптик жалпы кесиптик, жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар боюнча алынган маалыматтардын негизинде схемалардын түрлөрүн, таблицаларды, тезистерди конспекттерди, резюмелерди, аннотацияларды. эсселерди докладдарды, макалаларга жана иштерте рецензияларды түзүү, сочиненияларды жазуу, тесттик жана электрондук маалыматтарды издөө жана талдоо жөндөмдөрүнө карата: нормативдик документтер менен таанышуу: окуу -изилдөөчүлүктөрүн аудио жана видео жазууларды, компьютердик программаларды идеяларды жана интернетти пайдалануу ж.б.

- Педагогикалык модулду өздөштүрүүнүн чегинде конспекттер менен иштөө; окуу материалдары менен кайрадан иштеп, окуу маалыматтарын конспектиге айландыруу, иш-чаралардын сценарийин түзүү, окуу сабактарынын планын түзүү жана анализдөө ж.б: Чыгармачылык модулдун чегинде -окуу жана адабий материалдар менен иштөө кошумча материалдарды жана адабияттарды аудио жана видео жазууларды көрүү, чыгармаларга анализ жүргүзүү ж.б.

Аудиториядан тышкаркы иштердин тапшырмаларынын түрлөрү алардын мазмуну жана мүнөзү вариативдүү жана дифференциалдуу мүнөздө болуп, адистиктердин окутулган дисциплинанын спецификасын студенттин индивидуалдык өзгөчөлүкгөрүн эске алуусу керек. Биринчи курстарда тапшырмалар репродуктивдүү ишмердүүлүккө багытталышы жогорку курстарда өздүк иштердин тапшырмалары татаалдаштырылып, чыгармачылык изилдөөчүлүк мүнөзгө ээ болушу керек. Студенттердин өздүк иштеринин уюштурулушунун эффективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн окутуучулар дисциплиналар боюнча аны аткаруунун методикалык көрсөтмөлөрүн иштеп чыгышат.

## 2. Студенттердин аудиториядан тышкаркы өздүк иштерди пландаштыруу.

Аудиториядан тышкаркы өздүк иштерди пландаштыруу жөнүндөгү окуу планынын дисциплиналар боюнча жумушчу программалардын негизинде түзүлөт.

Өздүк иштин уюштурулуучу окуу документтеринде окуу жумушчу программалары календардык-тематикалык план, планда чагылдырылган өз алдынча иштер коюлган максаттарга, иштин көлөмүнө, тематикасына, татаалдыгына, көндүмдөрдү калыптандыруу деңгээлине жараша жекече топтор менен бирге аткарылат.

Студенттердин аудиториядан тышкаркы өздүк иштерине көзөмөл жасоо, оозеки же аралаш формада аткарылуучу иштердин мазмунуна жараша жүргүзүлөт.

Студенттердин аудиториядан тышкаркы өздүк иштерин көзөмөлдөөнүн формасы жана методдору катары тестирлөө, отчет, контролдук иш, чыгармачылык ишин коргоо ж.б. колдонулууга болот.

Өз алдынча иштердин аткарылышына көзөмөл жүргүзүү дисциплиналар боюнча милдеттүү окуу иштеринин окуу жүгүртмөсүнөн тышкаркы убакыттын чегинде жүргүзүлөт.

Аудиториядан тышкаркы студенттердин өздүк иштеринин натыйжаларын баалоонун критерийлери болуп төмөндөгүлөр саналат:

1. студенттердин окуу материалдарын өздөштүрүүсүнүн деңгээли: студенттердин теоретикалык билимдерин практикалык тапшырмаларды аткарууда колдоно алуучу жөндөмү;
2. жалпы жана кесиптик компетенцияларынын калыптануусу:
3. жоопторду так жана негиздүү бере алуусу:
4. материалдардын талапка ылайык жабдылышы.